**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш К 08.17.564**

**Кол жазмалар укугунда**

**УДК: 332.012.324.4:338.436.32(034.3)**

**ТАБАЛДИЕВА АЙНУР САБЫРКУЛОВНА**

# МЕНЧИКТИ КАЛЫПТАНДЫРУУ МЕХАНИЗМДЕРИН ЖАНА БАЗАР ШАРТТАРЫНДА ЧАРБАЧЫЛЫК КЫЛУУ ЫКМАЛАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

**(Чүй областынын тамак-аш өнөр жайынын мисалында)**

Адистиги: 08.00.05 -Экономика жана эл чарбасын башкаруу
(экономика, ишканаларды уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
алуу үчүн диссертациянын

**Авторефераты**

**Бишкек-2017**

**Диссертациялык иш И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Экономика жана финансы» кафедрасында аткарылган**

**Илимий жетекчиси** экономика илимдеринин доктору, профессор Абдымаликов К.А.

**Ырасмий оппоненттери:** экономика илимдеринин доктору, доцент Башкулова Гульзат Кантороевна

Экономика илимдеринин кандидаты, доцент

Алимбеков Кеңешбек Алайчиевич

**Алып баруучу уюм:** Академик М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Экономика жана бизнес» кафедрасы

Дареги: Ош шаары, Н.Исанов көчөсү, № 81

Диссертациялык иш 2017-жылы «22-декабрында_саат $14.^{00}$дө К 08.17.564 докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 715613, Жалал-Абад ш., Жеңи-Жок көчөсү № 30, 30-ауд.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Дареги: Бишкек шаары, 720071, Чүй проспектиси, 265а

Автореферат 2017-жылы «20_»_ноябрында__ таркатылган.

К 08.17.564 диссертациялык
кеңештин окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин кандидаты, доцент Маткеримова А.М.

# 1. ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Тамак-аш өнөр жайы республиканын калкын биринчи керектөөдөгү азыктар менен камсыз кылат жана республиканын өнөр жайынын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Калктын сапаттуу, таза жана жетиштүү азык менен камсыз болуусу биздин республикабыздын тамак-аш өнөр жайы канчалык өнүккөндүгүнө көз каранды болуп саналат. Тартылган жаңы технологиялар менен инвестициялар өндүрүштүн чыгашасын, азыктардын өздүк наркын азайтат жана ошого жараша анын баасы төмөндөйт да, ага ылайык калктын социалдык-экономикалык абалы жакшырат. Тамак аш өнөр жайы өлкөнүн бүтүндөй экономикасы сыяктуу эле реформа болуунун татаал этабын басып өтөт. Азыркы учурда тамак-аш өнөр жайындагы көйгөйлөр эч кимди кайдыгер калтырбайт, анткени экономиканын реалдуу сектору катары калктын социалдык-экономикалык абалынын жана өлкөнүн бүтүндөй экономикасынын өнүгүүсү ага көз каранды болуп саналат. Тамак-аш өнөр жайынын өзүнүн функцияларын аткарууда менчикти калыптандыруунун көйгөйлөрү жана анын чарбачылык кылуунун ыкмаларына тийгизген таасирлери маанилүү роль ойнойт. Бул көйгөйлөрдүн актуалдуулугу базар шарттарында күчөйт, анткени өндүрүш каражаттарынын негизиндеги менчик формасынын көп түрдүүлүгү, ишкердик кылуу менен баа коюунун эркин болушу өкүм сүрүп турган болот.

Базар шарттарында экономиканын башка тармактарындагыдай эле тамак-аш өнөр жайында да өндүрүштүн, жабдуулардын, башка өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүнүн шарттары өзгөрдү. Өндүрүштүн төмөн түшүүсүнүн токтошу, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында тамак-аш өнөр жайынын жана башка биринчи керектөөлөрдүн экономикалык жактан өсүшү өлкөнүн экономикалык саясатындагы тармактык жана ички тармактык артыкчылыктарына чыныгы материалдык-каржылык кырдаалдарды эске алууну талап кылат. Тамак-аш өнөр жайына карата болуучу бул өзгөрүүлөрдүн зарылдыгы менчиктин формасын жана чарбачылык кылуу формасын реформалоо процессинде кетирилген кемчиликтерге байланыштуу болуп саналат.

Республиканын тамак-аш өнөр жайы жүгүртүү каражаттарынын чектелгендигине, өндүрүш технологиясынын артта калуусуна, өндүрүү учурунда жана азыктарды сатууда негизги фонддун эскирүүсүнө байланыштуу өсүп бара жаткан импорт менен көлөмү, товарлардын түрү, баасы жана товардык көрүнүшү боюнча аттаандаштыкка жөндөмсүз болуп калат

Көптөгөн реформаторлор реформанын башталышында кирешеси аз тармактан кирешелүү тармакка капиталдын агып келишин базар механизмдери өзү жөнгө салат деп жоромолдошкон. Бирок, тамак-аш өнөр жайына карата бул механизм акыркы жылдарга чейин иштеген жок.

Бул көйгөйлөрдүн актуалдуулугу жана жетишерлик эмес иштелип чыгышы менчиктин формасын жана түрлөрүн өнүктүрүү үчүн аларды андан ары тереңдетип иштеп чыгуу зарылдыгын жаратат.

**Диссертациянын темасынын илимий жана мамлекеттик программалар менен болгон байланышы.** Менчикти жаратуу маселелери жана ушул негизде чарбачылык кылуу ишмердигин ишке ашыруу төмөнкү программаларда чагылдырылган: “2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы”, “Келечекте Чүй областын өнүктүрүү концепциясы” жана башкалар.

***Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.*** Менчиктин формаларын өркүндөтүүнүн жолдорун иштеп чыгуу жана анын негизинде Кыргызстандын Чүй областынын тамак-аш өнөр жайынын мисалында чарбачылык кылуу ыкмаларын жакшыртуу – ушул диссертациялык иштин максаты болуп саналат.

Коюлган максатка жараша изилдөөнүн төмөнкүдөй милдеттери анык болду:

- менчик формаларын гармондоштуруунун теориялык аспектилерин жана алардын көп түрдүүлүк шарттарында чарбачылык кылуу ыкмаларын изилдеп билүү;
- чет өлкөлүк менчиктин ар кыл формаларынын функция кылуучулук тажрыйбасын жана чарбачылык ишмердигин биздин практикабызда пайдалануу максатында изилдөө;
- менчиктин эффективдүү формаларынын эсебинен чарбачылык кылуунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жолдорун сунуш кылуу;
- аймактагы менчик формаларынын азыркы абалына жана алардын тамак-аш өнөр жайынын чарбачылык ишмердигине тийгизген таасирлерине талдоо жүргүзүү;
- менчик формаларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын жана чарбачылык кылуу ыкмаларын иштеп чыгуу;
- менчик формаларын жана чарбачылык кылуу ыкмаларын өнүктүрүү үчүн инвестицияларды тартууну жакшыртуунун жолдорун сунуштоо;
- менчик формаларын өркүндөтүү чараларынын системасында аймактагы тамак-аш өнөр жайынын өнүгүү перспективасын белгилөө;

**Илимий жаңычылдыгы.** Изилдөөнүн жаңычылдыгы төмөнкүлөрдөн көрүнүп турат:

• автордук түшүнүк берүүдө менчиктин маңызына тиешелүү болгон теориялык жоболор, алардын жаралуу өзгөчөлүктөрү жана азыркы учурдагы көп баскычтуу экономикада функция кылуусу жалпылаштырылган жана тереңдетилген;

• чет өлкөлүк менчиктин ар кыл формаларынын функция кылуучулук тажрыйбасын жана чарбачылык ишмердигин изилдеп билүүнүн негизинде бул тажрыйбаны Кыргызстандын практикасында колдонууга карата сунуштамалар иштелип чыкты;

•менчикти жаратуунун эффективдүү жолдорунун негизинде чарба кылуу субьектилеринин атаандаштыкка жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуунун механизмдери аныкталды;

• аймактагы тамак-аш өнөр жайынын менчик формалары жетишкен денгээлге жасалган талдоонун негизинде чарба кылуу ишмердигиндеги жыйынтыктарды жогорулатуунун резервдери келтирилди;

• менчиктин өркүндөтүлгөн формаларынын эсебинен АПКда чарба кылууну жакшыртуунун жолдору сунушталды;

• менчик формаларын жана чарбачылык кылуу ыкмаларын өркүндөтүүнүн фактору катары инвестицияларды тартуу боюнча сунуштар иштелип чыкты;

• аймактын тамак-аш тармагын өнүктүрүү перспективасы жана менчиктин формаларын өнүктүрүү чараларынын системасы белгиленди;

**Иштин практикалык маанилүүлүгү.** Иштин практикалык маанилүүлүгү төмөндөгүдөй: Изилдөөдөгү теориялык жана методологиялык иштелмелер, корутундулар жана практикалык сунуштар менчик обьектилерин эффективдүү пайдалануунун критерийлерин жана алардын калыптануу, функция кылуу механизмдерин аныктоого мүмкүндүк берет.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.**

Менчик обьектилерин пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугу боюнча сунушталган эсептөөлөр чарбачылык кылуунун өтө натыйжалуу формаларын аныктоо үчүн негиз болуп бере алат, муну менен өндүрүштүн көлөмү көбөйөт жана тамак-аш азыктарынын сапаты жогорулайт. Натыйжада тамак-аш коопсуздугун жана экономиканын реалдуу секторунун өнүгүүсүн камсыз кылат.

**Диссертациянын коргоогочыгарылган негизги жоболору.** Теоретика – менчиктин жана анын ар кандай формалары менен экономикалык системанын трансформация болуу шарттарында чарбачылык кылуунун методологиялык аспектиси:

- экономикалык системаны трансформация кылуунун зарылдыгы жана жаңы шарттардагы менчиктин көйгөйлөрү теориялык жактан негизделди; “менчиктештирүү” концепциясы жана аны биздин республикада ишке ашыруу изилденди;
- менчиктин калыптануу механизмдерине жана аны менчиктин ар кыл формасы менен чарбачылык кылуунун ар кандай уюштуруучулук-укуктук формада пайдалануунун натыйжалуулугуна аналитикалык баа берилди;
- менчик формаларынын калыптануусун жөнгө сала турган ченемдик-укуктук базасына жана алардын базар шарттарында функция кылуусуна талдоо жүргүзүлдү.
- жаңы шарттардагы менчиктин калыптануу механизмдерине баа берилди;
- ар башка уюштуруучулук-укуктук формаларда жана менчик формаларында чарба кылуудагы менчикти пайдалануунун экономикалык натыйжалуулуктарынын көрсөткүчтөрү эсептелинди;
- менчиктин ар кандай формаларындагы тамак-аш ишканаларына салыштырма талдоо жүргүзүлдү, тамак-аш өнөр жайындагы менчикти калыптандыруу механизмдерин өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыкты.

**Изденүүчүнүн кошкон жеке салымы.** Диссертация изденүүчүнүн өз алдынчп илимий изилдөөсү болуп саналат. Илимий жаңычылдыкты,

теориялык жана практикалык , экономикалык жана социалдык маанилерди камтыган негизги идеялар, корутундулар жана практикалык сунуштар изденүүчүнү өзү тарабынан жеке аныкталды жана иштелип чыкты. Ал үчүн изденүүчү көп жылдар бою илимий классикалык жана азыркы учурдагы экономикалык адабияттарды окуп, изилдөөнүн негизинде чет өлкөлүк жана ата мекендик тажрыйбаны, усулдук сунуштарды, ченемдик жана статистикалык материалдарды талдоону жалпылаштырып, базар шарттарында менчикти калыптандыруу механизмдерин өркүндөтүүнүн көйгөйлөрү боюнча иштеди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын сыноодон өткөрүү жана ишкue ашыруу.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда 18 илимий жарыясы 5,5 басма табак көлөмүндө КРдин ЖАКсы тарабынан сунушталган журналдарда жана беш чет өлкөлүк журналдарда (анын ичинен үчөө РИНЦтин статусуна ээ) жарыяланды.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана түзүмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан турат. Ошондой эле, 2 сүрөт, 20 таблица, 11 диаграмма, пайдаланылган адабияттардын тизмеси жана тиркемелер 181 бетке жайгаштырылган.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаттары, милдеттери аныкталды, коргоого бериле турган негизги илимий жоболор баяндалды. Иштин илимий жаңычылдыгы менен практикалык маанилүүлүгү калыптанып жатат.

**Иштин биринчи главасы** «Базар шарттарында менчикти трансформация кылуунун теориялык-методологиялык негиздери» деп аталып, анда реформалоо үндөштүгүнүн теориялык аспектилери жана Кыргыз Республикасынын экономикалык системасынын функция кылуусу, өндүрүш каражаттарында мамлекеттик менчикти мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы жана аларды Кыргызстандын азыркы шарттары үчүн пайдалануусу, көп баскычтуу экономиканын негизи катары менчиктин көп формада болушу, чарбачылык кылуунун атаандаштык ыкмаларын уюштурулушу изилденди.

Туруксуздуктун азыркы шарттарда Кыргыз Республикасынын экономикалык системасында орун алган кырдаалды илимий негизде талдоо, реформанын жүрүшүнө обьективдүү баа берүү, кайра түзүлгөн менчиктин жана чарба кылуунун уюштуруучу-укуктук формаларын ишке ашыруунун максатка ылайыктуулугу жана багыттуулугу маанилүү болуп саналат. Терең институтуционалдык, социалдык-экономикалык жана технологиялык өзгөрүүлөрдүн обьективдүү зарылчылыгы СССРдин учурунда эле өткөн кылымдын 70-80-жылдарында бышып жетилген. Ошол мезгилдеги окумуштуулар менен саясатчылардын ортосунда экономиканын өсүшү жана анын натыйжалуулугу, социалдык кайтарымдуулугу үчүн пландуу-бөлүштүрүүчү экономикага радикалдуу реформа жүргүзүү боюнча макулдашуулар болгон. Базар принциптеринин жана чарбачылык кылуу механизмдеринин негизинде бул милдеттерди чечүү зарылдыгын баары

таанышты. Бул убакытта (СССРдеги «кайра куруу» мезгилинде, өзгөчө 1987-жылдан кийин) экономиканы борбордон чыгаруу боюнча бир топ жакшы кадамдар жасалды: ишканалардын чарбачылык укуктары кеңейди, сапаттык жактан башка формадагы ишканалар жаралды (ижаралык, жеке, өндүрүштүк кооперативдер), базар инфраструктурасынын алгачкы элементтери болгон – коммерциялык банктар жана товардык биржалар пайда болду.

Бирок, СССРдин кулашы менен биринчи кезекте менчиктин формасын рефармалоонун эсебинен чарба кылуунун ыкмасы гана эмес, ошондой эле бүтүндөй экономикалык системанын иштеши үчүн фундаменталдуу негиз катары базар мамилелерине өтүү реалдуу болуп калды. Мурунку союздук республикалар, анын ичинде Кыргызстан дагы экономикалык системанын түзүмүн курууга байланыштуу болгон менчик формасын түп тамырынан бери кайра түзүү зарылдыгына туш болду.

Кыргызстан дагы башка республикалар сыяктуу пландуу-чарбачылыктын өткөөл мезгилинде, 1992-жылдын башталышында чарбачылык кылуу ыкмаларына алдын-ала белгисиз болгон өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн алдында турду. Бул жерде бардык кайра жаралуулардын жана реформалардын башталышы боло тургандыгын жана анын андан аркы өнүгүүсү коом тарабынан коюлган максаттарга, аларга жетүүнүн обьективдүү жолдорунун өзгөчөлүктөрүнө көз каранды экендигин эскертип коюубуз керек. Тарыхый жактан республикабыз базар мамилеси менен чарба кылуунун мурунку тажрыйбаларына ээ болбой туруп, СССРдин бирдиктүү эл чарба комплексинде болуп келүү менен экономикабыздагы реформаны “байкоолор жана ката кетирүүлөр” аркылуу ишке ашырып келди. Бул шарттарда арка карай көз салуу менен реформа жүргүзүү жолунда биринчи кезекте, менчиктин формасы боюнча туура эмес аракеттерге жол берилгендигин байкоого болот, анын натыйжасында экономиканын дээрлик бардык секторлорунда чарба кылуу ишмердигинин негиздери бузулду, көптөгөн жылдар ичинде орногон чарбачылык байланыштар үзүлдү, соода системалары, өз ара эсептешүүлөр жана башкалар токтоду жана кирешелер менен мүлктү жүгүртүү, башкача айтканда экономиканын иштөө системасы бузулду.

Булардын жыйынтыгында өндүрүш, өнөр жай, курулуш айыл чарбасы жана экономиканын башка секторлору өтө төмөн түшүп кетти, а эң негизгиси калктын жашоо денгээли жана шаар менен айыл тургундарынын социалдык абалдары кескин начарлады.

Өткөөл мезгил жашоонун социалдык жана экономикалык жактан болгон чоң өзгөрүүлөрдүн категориясына кире тургандыгы анык. Албетте, жаратылыштагы, материалдык дүйнөдөгү жана коомдогу өзгөрүүлөр менен кайра жаралуулар бардык учурда, дайыма жана кээде тез болуп турат (революциялык жол менен), бирок, көбүнчө акырындык менен байкалбастан өтөт (эволюциялык жол менен).

Коомдун социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү, алардын темпин, масштабын жана мезгилин ар башкача негиздөөгө болот. Бирок, бардык өзгөрүүлөрдүн негизинде обьективдүү шарттардан келип чыккан терең маанидеги себептери, ошондой эле тигил же бул кубулуштардын мыйзам-ченемдүүлүктөрү жаткан болот.

Мисалы, марксистик мектеп коомдун экономикалык жана жан-дүйнөлүк жашоосундагы кайра жаралууларды жарата турган себептерге негиздеме берет. Биринчи себеп – адамдын эмгегинен жаралуучу кошумча нарк (кошумча азык), жеке керектөөлөр үчүн ага ээлик кылууга болгон аракет болуп саналат. Бул жерде коомдук өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчүнүн, коомдук системанын (цивилизациянын) алмашуусунун башкы факторунун ролун аткаруучу ар башка топтордун кызыкчылыктарындагы карама-каршылыктарды, кризистерди, революцияны пайда кыла турган реалдуу себептер жөнүндө сөз болуп жатат.

Азыркы учурдагы экономисттер коомдук өндүрүштөгү кризистик көрүнүштөрдү, аларды жеңүү үчүн зарыл болгон кайра жаралуу багыттарын эреже боюнча экономиканын жеткиликсиздиги жана анын кесепеттерин жоюу боюнча чаралар (негизинен макроэкономикалык мүнөздөгү) менен байланыштырат. Коомдук өндүрүштүн аныктоочусу болуп, эң башкысы менчикке карата болгон мамиле эсептелинет.

Менчиктин формасынын ар кандай болушу чарба кылуу ыкмаларынын көз карашынан жана өндүрүштүк мамилелердеги алган ордунан алып караганда, ар башкача ойдогу жана мазмундагы маанилерге ээ болуп санала тургандыгын белгилеп коюу керек. Менчиктин жаралышындагы бул формалардын түзүмү 1-сүрөттө чагылдырылган.




*1-сүрөт. Менчиктин формасынын жалпы түзүмдүк схемасы*[1]

[1] Автор тарабынан түзүлгөн

Менчиктин ар бир формасынын жаралуу тарыхы болот. Коомдун социалдык-экономикалык жашоосундагы жана коомдук өндүрүштөгү кризис кубулуштарына байланыштуу болгон ушул теориялардын бардыгында кандай гана мамлекет болбосун, өзүнүн өнүгүүсүнүн бардык этаптарындагы негизги маселе – менчикти трансформациялоонун көйгөйлөрү жана аны пайдалануу натыйжалуулугун жогорулатуу маселеси болуп саналат.

**Диссертациянын экинчи главасы** «Менчикти калыптандыруунун азыркы учурдагы абалы жана аймактагы тамак-аш өнөр жайынын чарбачылык кылуу ыкмаларына анын тийгизген таасири» деп аталып, анда базар субьектисиндеги менчиктин ар башка формаларынын денгээлдерине талдоо жүргүзүлдү, аймактагы тамак-аш өнөр жайынын менчиктин ар кандай формалары жашап турган шарттардагы абалына баа берилди, аймактык тамак-аш өнөр жайындагы менчиктин ар кандай формаларынын өз ара байланыштарына өндүрүштүк сатуу ишмердигинин натыйжалуулугун эске алуу менен мүнөздөмө берилди.

Биздин республикабыздын көз карандысыздык мезгилиндеги жетишилген ар кандай менчик формаларынын калыптанышы мамлекеттик менчикти менчиктештирүүнүн базасында жүргүзүлгөндүктөн, алардын өз ара аракеттенүү механизмдерин чарбачылык кылуу ишмердиги менен салыштырууну менчиктештирүү процессинин жалпы картинасына талдоо жүргүзүүдөн баштоо керек (1-таблица).

1- таблица. **Менчиктештирүүнүн формалары боюнча менчиктештирилген обьектилердин саны**[2]

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы<br>Анын ичинен: | 7342 | 7347 | 7351 | 7352 | 7352 |
| Акционердик коомго өтүү | 1688 | 1694 | 1691 | 1691 | 1690 |
| Кийин сатып алуу менен ижарага алуу | 186 | 185 | 185 | 185 | 185 |
| Коммерциялык конкурс аркылуу сатуу | 1296 | 1296 | 1296 | 1296 | 1296 |
| Жоопкерчилиги чектелген коомго өтүү | 226 | 223 | 226 | 226 | 226 |
| Жеке адамдарга түз сатуу | 1634 | 1633 | 1632 | 1632 | 1633 |
| Эмгек жамаатына түз сатуу | 1629 | 1629 | 1629 | 1629 | 1629 |
| Аукциондо сатуу | 659 | 659 | 662 | 663 | 664 |
| Кайтаруусуз өткөрүп берүү | 11 | 11 | 11 | 11 | 11 |

[2] Кыргыз Республикасынын статистикалык ар жылдыгы 2011-20015//Кыргыз Республикасынын улуттук маалымат комитетинин материалдары, Бишкек 2016

Келтирилген таблицада көрүнүп тургандай, акыркы 5 жылдын ичинде менчиктештирүүнүн формасы боюнча менчиктештирилген ишканалардын санында өзөчө деле өзгөрүүлөр болгон жок, анткани менчиктештирүүнүн негизги мөөнөтү мурунку жүз жылдыктын аягында эле аяктаган болчу. Бирок, ийгиликсиз менчиктештирүүнүн кесепеттери азыркы учурда да байуалып жатат.

Базар субьектисиндеги менчиктин ар кандай формаларынын өз ара аракеттенүү механизмдери барынан мурда укуктук базаны түзүү жана ошондой эле базар мамилелери менен укуктук мамлекеттин калыптануу жолундагы реформанын жүрүшүндө жарала тургандыгын айтып коюу зарыл.

Базардын ар башка субьектилериндеги менчиктин жаралуу механизмдерине байкоо жүргүзүү жана талдоо кылуу үчүн биз биринчи кезекте «механизм» деген терминдин өзүн карашыбыз керек. Ар кандай булактарда механизм түшүнүгүнө ар башка түшүндүрмөлөр берилгендигин байкоого болот: «механизм», «экономикалык механизм» жана «чарба кылуучулук механизм» ж.б.

Биздин оюбуз боюнча экономикалык механизм жана чарба кылуучулук механизмдери синонимдер болуп саналат. Бул түшүнүктөрдүн бардыгында механизмдин негизги түзүүчү элементтери каралат: уюштуруучу түзүмдөрү, укуктук ченемдери жана экономикалык системанын иштешин камсыз кылуу үчүн башкаруу ыкмалары.

Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү өнөр жайындагы өндүрүштүн жалпы көлөмүндөгү пайдалуу салмак 2015 жылы 12,8%ды түздү жана 2011-жылдан 2012-жылга чейин 11,6%дан 15,4%га чейин туруктуу эмес болуп турду. 2014-жылы бул көрсөткүч 14,5%ды түздү.

Менчиктештирүү процесси жана менчикти калыптандыруу – бул бир эле жолку иш-чара эмес экендигин белгилеп кетүү зарыл, ал ар кандай кырдаалдарга жараша дайыма болуп туруучу көрүнүш болуп саналат.Кээ бир ишканалар бир менчик ээсинен экинчисине өтөт, экинчилери жок болуп кетет, ал эми үчүнчүлөрү жаңы пайда болот. Муну биз Чүй областынын тамак-аш өнөр жай ишканаларынын мисалында карасак болот (2-таблица).

**2-таблица. Чүй областынын 2011-15-жылдардагы тамак-аш азыктарын чыгаруучу ишканалары.[3]**

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015 /2011 В % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык ишканалар | 122 | 116 | 115 | 83 | 75 | 61,4 |
| Анын ичинен райондор боюнча: Аламмүдүн району | 21 | 20 | 17 | 13 | 11 | 52,3 |
| Жайыл району | 15 | 16 | 16 | 14 | 13 | 86,6 |
| Кемин району | - | - | - | 1 | - | - |
| Москва району | 18 | 17 | 18 | 9 | 10 | 55,5 |
| Панфилов району | 6 | 6 | 6 | 5 | 4 | 66,6 |
| Сокулук району | 21 | 22 | 25 | 14 | 14 | 66,6 |
| Чүй району | 5 | 5 | 6 | 4 | 2 | 40,0 |
| Ысык-Ата району | 26 | 20 | 19 | 14 | 14 | 53,8 |
| Токмок шаары району | 10 | 10 | 8 | 9 | 7 | 70,0 |

Келтирилген таблицада көрүнүп тургандай, 2016-жылы бул аймакта 75 тамак-аш өнөр жай ишканасы иштеген, анын ичинен Токмок шаарында 7 жана Сокулук району менен Ысык-Ата райондорунда 14төн ишкана болгон.Мындай өзгөрүүлөр негизинен ишканалардын ишмердигине жана алардын функция кылуусундагы максаттарына жараша болот.

Жалпы республикалык көрсөткүчтөргө салыштырганда (2011-жылы 19035,2 млн. сом, 2015-жылы23129,3 млн. сомго чейин, же 121.5%), Чүй областынын тамак-аш өнөр жай ишканаларынын көрсөткүчү 8.5%га көп болду.

Тамак-аш өнөр жай азыктары экспорттук жана импорттук операциялар үчүн өтө мобилдүү экендигин эске алганда, Чүй областы боюнча тышкы экономикалык байланыштарга талдоо жүргүзүү белгилүү кызыкчылыктарды жаратат (3-таблица)

**3-таблица. Чүй областында тамак-аш өнөр жай азыктарынын жылдар боюнча экспорт жана импорт болуусу[4] (2011-ж. = 100%)**

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 100 | 124,4 | 116,7 | 158,3 | 118,9 |
| Импорт | 100 | 146,6 | 153,5 | 151,5 | 134,7 |

[4]Булагы: 2011 – 2015-жылдары Чүй областынын Социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн макалалар жыйнагынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн. Бишкек 2016-ж.

[4] Булагы: Улуттук статкомдун маалыматтар базасында автор тарабынан түзүлдү.

Келтирилген таблицада көрүнүп тургандай, изилдөөгө алынган мезгилдин ичинде аймактагы тамак-аш азыктарынын экспорту 18,9%га өстү, Бирок, мындай өсүш секирик мүнөзүндө болду, башкача айтканда, 2014-жылы 58,3%ды, ал эми 2012 - 24,4%ды түздү. Ал эми азыктардын импортуна келсек, ал бул мезгилдин ичинде 34,7% болуп, бул дагы секирик мүнөзүндө ишке ашты.

Ушундан улам, Чүй областындагы тамак-аш өнөр жай азыктарынын импорт болуусу экспортко караганда өтө тездик менен көбөйүп жатат деген жыйынтык чыгарууга болот. Бул экспорттук мүмкүнчүлүктөр жетишсиз түрдө пайдаланылып жатат дегенди түшүндүрөт.

Чүй областынын тамак-аш өнөр жайынын белгилүү бир мезгилдеги өнүгүү динамикасына да байкоо салуу керек, бул Сокулук районунда акыркы 5 жыл ичинде тамак-аш өөр жай ишканаларынын саны 21ден 25ке чейин (2015-ж.) же 13,6%га өскөндүгү байкалды.

Ал эми областтын калган райондорунда алардын саны кыскарды. Тамак-аш тармагындагы ишканалардын эң көп кыскаруусу Ысык-Ата районуна тиешелүү, аларда ишканалар 30дан 14кө чейин же 53,3%га, Кемин районунда 2011-жылы райондун бардык ишканалары ишин токтоткон, бирок 2014-жылы бир ишкана иштей баштаган.

Кандай өндүрүш түзүмү болбосун, өндүрүштүк сатуу ишмердиги азыктардын чыгарылышы, сапаты, ички жана тышкы базарлардагы абалы ж.б. менен мүнөздөлө тургандыгын айтып коюу керек.

Чүй областынын ишканалары тарабынан өндүрүлгөн азыктардын пайдалуу салмагы республиканын ишканалары өндүргөн азыктардын 39,4%дан ашыгын түзөт.

Изилдөө жүргүзгөн мезгил ичинде Чүй областынын ишканалары өндүргөн тамак-аш өнөр азыктарынын көлөмү 2011-жылдан 2015-жылга чейин 6798,8 млн. сомдон 6980,8 млн. Сомго чейин же 21.5%га өскөн.

Жалпы республикалык көрсөткүчтөргө салыштырсак, Чүй областынын тамак-аш өнөр жай ишканаларынын көрсөткүчү 8,5%га көп (2011-ж. 19035,2 млн. сомго чейин, 2015-ж. 23129,3 млн. сомго чейин, же 121.5%).

Чүй областынын ишканаларында иштегендердин орточо эмгек акысы 58,1%га өскөн.

Тамак-аш өнөр жайынын мүнөздөмөсү көп жагынан ички экономикалык байланыштар менен, көбүнчө экспорт жана импорт менен аныктала тургандыгын айтып коюу керек.

Изилдөө жүргүзгөн мезгил ичинде тамак-аш өнөр жай азыктарынын экспорту аймакта 18,9%га өскөн. Бирок, мындай өсүш секирик жасоо мүнөзүндө, башкача айтканда, 2014-жылы өсүш 58,3%ды, 2012-ж.ылы

24,4%ды түзгөн. Ал эми азыктардын импорт болушу бул мезгилдин ичинде 34,7% болуп, бул дагы секирик түрүндө мүнөздөлөт.

Ушундан улам, Чүй областынын тамак-аш өнөр жай азыктарынын импорту экспортко караганда өтө тез темп менен өнүккөн деп жыйынтык чыгарууга болот. Мындай тенденция экспортко караганда импорттун эки жана андан ашык болгон шарттарында Чүй областынын жана бүтүндөй республиканын тамак-аш өнөр жайынын ири потенциалы бар дегенди ишенимдүү түрдө көрсөтүп турат. Муну менен аймактын жана республиканын тамак-аш өнөр жай азыктарынын экспортун өнүктүрүү жана көбөйтүү үчүн шарттар бар деп түшүнсөк болот.

Каралып жаткан мезгил ичиндеги тамак-аш тармагында тамак-аш азыктарын чыгаруу жеке түрүндө да, нарк маанисинде да көбөйгөн. Минералдык, газдалган, таттуу эмес, ароматсыз сууларды чыгарууда алардын көлөмү 235%ды түзгөн.

Тамак-аш өнөр жай ишканаларынын баланстык пайдасы 2012-жылы 146,6 млн. сомдон 2013-жылы 637,4 млн. сомго чейин жогорулады, ал эми 2011-жылы жана 2015-жылы ал -220,0 жана -813,8 млн. сомду түздү, б.а. Чүй областынын тамак-аш тармагындагы ишканалары чыгаша менен иштеди.

Материалдарды жана жарым фабрикаттарды алып келүүчүлөргө карата болгон тамак-аш өнөр жай ишканаларынын кредитордук карыздарынын көбөйүшү байкалды.

Бул өз ара байланыштуу көрсөткүчтөр чийки затты берүүчүлөр менен чыгарылган азыктарды керектөөчүлөрдүн ортосундагы өз ара эсептешүүлөр өз убагында жүргүзүлбөгөндүгүн көрсөтүп турат. Бул экономикалык көрсөткүчтөргө бүтүндөй алганда, тамак-аш өнөр жай ишканаларынын негизги каражаттарын иштетүүнүн абалы жана интенсивдүүлүгү ири таасир берет.

Чүй областынын тамак-аш өнөр жай ишканаларынын негизги каражаттарынын жылдык орточо наркы 2013-жылга чейин кыйшаюусуз кыскарды. Көрсөтүлгөн мезгил ичинде, б.а. 2011-жылы 5283,3 млн. сомдон 4765,9 млн. сомго чейин, 2013-жылы алардын суммасы 517,4 млн. сомго же 9,8%га кыскарган. Бирок, 2011-жылдагы окуядан кийин тамак-аш өнөр жай ишканаларынын өндүрүштүк техникасын жана технологиясын жаңыртуу боюнча Өкмөттүн көрсөткөн колдоосунун жана 2013-2015-жылдары инвестицияларды тартуунун натыйжасында алардын өсүшү 2013-жылга салыштырганда 3421 млн. сомго өскөн.

Бүтүндөй алганда, каралып жаткан мезгил ичинде тамак-аш тармагындагы ишканалардын негизги каражаттарынын жылдык орточо наркы 35,5%га жогорулаган.

Республиканын тамак-аш өнөр жай ишканаларынын 2016-жылдын 1-январына карата жалпы санынын ичинен жеке менчик формасындагылар – 330, мамлекеттик менчик формасындагылар – 7, муниципиалдык менчик формасындагылар – 2 болду.

Чүй областынын өнөр жайындагы ар кандай менчик формаларынын көлөмү, иштегендердин саны боюнча пайдалуу салмагы төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт. Чүй областындагы ишканалардын түзүмүндө жеке менчик формасындагы тамак-аш тармагы боюнча ишканалар көптүк кылат. Алардын пайдалуу салмагы 95,9%ды түзөт (2014г.), мында төмөн түшүү тенденциясы бар (2015-ж. 95,4% же 0,5%га ылдыйлаган).

Чүй областынын ишканаларында тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн көлөмү боюнча төмөнкүдөй тенденция байкалат. Жеке менчик формасындагы ишканаларда азыктарды чыгаруу көбөйүп жатат жана алардын пайдалуу салмагы жыл сайын бир аз болсо да өсүүдө. Эгерде, ал 2014-жылы 98,4%ды түзсө, 2015-жылы 98,6%га жетти же 0,2%га өстү.

Көрсөтүлгөн мезгил ичиндеги негизги каражаттардын жылдык орточо наркы бир ордунда турат жана 9243,7 миң сомду түзөт. Фонд менен куралдануусу да бир денгээлде калды, б.а. 256,8 сом болду.

Ишканада иштегендердин фонд менен куралдануусу өзгөрүүсүз калды, б.а. 256,8 сом болду, бул инвестирлөөнү талап кылат.

Менчик формаларынын чарба кылуучулук ишмердиктерине тийгизген таасирлери токтолсок, бул жерде менчиктин жеке формасындагы ишканалардын жетишкендиктери жакшы экендигин биздин жүргүзгөн талдоолорубуз көрсөттү. Изилдөө ишинде “Кант нан заводу” ААКсы, “Апросах” ААКсы, “Ак сүт” ААКсы, “Кошой” ААКсы сыяктуу жана башка 12 жеке ишкана талдоого алынды.

**Үчүнчү глава** «Менчиктин формаларын жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга карата алардын тийгизген таасирин өркүндөтүлгөн механизмдердин эсебинен жакшыртуунун жолдору» деп аталып, анда менчиктин формаларын жана чарбачылык кылуу ыкмаларын өркүндөтүүнүн негизги багыттары, менчиктин формасын өркүндөтүүнүн жана аймактагы тамак-аш өнөр жайынын чарбачылык кылуу механизмдерин жакшыртуунун фактору катары инвестицияларды тартуу сунушталды.

Менчиктин типтерин жана формаларын өнүктүрүү жана аларды алмаштыруу өнүгүүнүн обьективдүү мүнөзүнө ээ болуп саналат. Алар элдин субьективдүү эмес каалоолору менен аныкталбастан, өндүрүштүн өзүнүн жана өндүргүч көчтөрдүн өнүгүүсү менен аныкталат. Коомдун өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында эмгектин бөлүнүшү жана кооперация болуусу, өндүрүштүн концентрациясы жана анын коомдошуусу жүрөт. Өндүрүш

мазмунунун өзгөрүүсү менен бирге анын коомдук формасы болгон менчиги да алмашат.

Менчиктин ар кандай формаларынын өз ара мамиле кылуу механизмдерин өркүндөтүүдө ошондой эле ар кандай кырдаалдар да мааниге ээ болуп саналат, алар тигил же бул менчиктин маңызынан суурулуп чыгып, чарбалык ишмердикте пайда болушат.

Базар экономикасынын шарттарында мамлекет мамлекеттик секторду кеңейтүү үчүн камкордук көрбөстөн, коомдун бардык өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүгө, туруктуу экономикалык өсүшкө, чарбачылыктын максималдуу натыйжалуулугун камсыз кылууга жана калктын жашоо денгээлин жогорулатууга кам көрөт. Азыркы учурда мамлекеттик менчик коомдук жашоону социалдаштыруу боюнча чаралардын комплексин ишке ашырып жатат. Бул жерде кеп калктын турак-жай шарттарын жакшыртуу, пенсия менен камсыз кылуу, билим берүүнү, маданиятты жана саламаттыкты сактоону өнүктүрүү жөнүндө болуп жатат.

Өтө татаалдыкты жана укмуштуудай жабдууларды талап кылбаган көптөгөн өндүрүштүн түрлөрү жамааттык менчиктин негизинде жолдоштук жана жоопкерчилиги чектелген коом формасында натыйжалуу иштеп жатышат. Ири, ал тургай өтө ири фирмалар да жеке боло алышат, алар акционердик башталышта негизделет, мисалы, судна куруучу, нефть чыгаруучу, химиялык, авиа куруучу концерндер ж.б.у.с.

Ошондой эле, айыл чарбасында да майда жеке ишканалар жана ири заманбап агрардык чарбалар, кооперативдер, жер иштетүүнү жана мал чарбачылыгын техникалык тейлөө боюнча мамлекеттик уюмдар бар экендигин белгилеп коюу зарыл.

Башкалардын бардыгынан асолюттук артыкчылыктарга ээ болгон кандайдыр бир чарбачылык ишмердигин кылуучу уюмдун формасы же кандайдыр бир менчиктин түзүмү болбойт. Конкреттүү кырдаалдарга жараша алардын кайсынысы болбосун, башкалардан жакшыраак гана болушу мүмкүн.

Менчик обьектилерин натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуунун жана аларды өркүндөтүүнүн негизги багыттарынын бири – бул дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, республиканын экономикалык субьектилерине инвестицияларды жана жаңы технологияларды тартуу болуп саналат. Инвестициялар эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашына жана өндүрүлгөн азыктын сапаттуу болушуна, тейлөө кызматтарынын жакшырышына, бүтүндөй алганда, мамлекетте экономиканын өсүшүнө жана калктын жакшы жашашына жол ачышы керек.

Чарба кылуу ишмердигинин жыйынтыктарына менчик формасынын таасир бериши жалпы көрүнүштө, б.а. жалпыланган түрдө менчиктин тигил же бул формасында, тигил же бул мезгилде топтолгон пайдалуу салмак боюнча мүнөздөмө берүүгө болот. Бул бир жагынан менчиктин артыкчылыгы бар формасы менен, экинчи жактан экономиканын ар бир секторунун дүң азыктарын чыгарууга менчиктин ар бир формасынын катышуусу менен мүнөздөлөт. Бирок, муну өнөр жайды бүтүндөй алгандагы мисал менен келтирүү ыңгайлуу болот.

Биздин көз карашыбызда жогоруда келтирилген органдардын жана чарбалардын мамилелериндеги жетиштүү болгон окшоштуктар биринчи жактан мамлекеттик жеке өнөктөштүктүн өнүгүүсүнүн эсебинен, экинчи жактан жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын аймактардагы экономикалык ишмердиктерге карата болгон жоопкерчиликтерин мыйзамдык тартипте аныктоонун эсебинен жетишилеген. Өкүнүчтүүсү мындай жоопкерчиликтер мыйзамдык актыларда дээрлик көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан, көз карандысыздык мезгилинде айыл өкмөттөрүнүн жана райондук звенолорунун дотация болуусунун азайбагандыгы кокустуктан эмес.

## Корутундулар жана сунуштар

Менчикти калыптандыруу механизмдерин жана чарбачылык кылуу ыкмаларын өркүндөтүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилерине жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн, аймактагы тамак-аш өнөр жайынын мисалында бул процесстин учурдагы абалына жасалган талдоолордун, менчиктин формаларын жана чарбачылык кылуу ыкмаларын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуунун негизинде төмөнкүдөй корутундуларды жана практикалык сунуштарды жасоого болот:

1. Базар мамилелерине өтүү өндүрүш каражаттарында менчиктин көп

формасын орнотууну талап кыла тургандыгын изилдөө көрсөттү, бул эмгек мотивациясын күчөтүүнүн эсебинен чарбачылык кылуу ишмердигинин жыйынтыгын жакшыртууну жогорулатуу максатын көздөйт. Бирок, менчикке ээлик кылуучулардын өтө көп алмашуусу, мамлекеттик менчикке болгон ээлик кылуулар, менчиктин мамлекеттик формасынан жамааттык же жеке формасына өтүү натыйжалуу базар экономикасын түзүүдөгү көйгөйлөрдү өзүнөн-өзү чечпей тургандыгын моюнга алуу керек. Жаңы менчик ээлери өндүрүштү уюштурууну, аны башкарууну билиши зарыл болуп саналат.

2. Өнүккөн өлкөлөрдө жана ийгиликтүү өнүгүп жаткан өлкөлөрдө чарбачылык кылуу менен көп баскычтуу экономиканы жана анын гармондошуусун калыптандыруунун топтолгон чоң тажрыйбасын эске алуу менен аларды Кыргызстандын практикасында пайдалануу максатында автор тарабынан бир катар өлкөлөрдүн тажрыйбасы изилденген. Көбүнчө АКШнын, Австралиянын жана Канаданын менчиктештирүү жана өндүрүш каражаттарын мамлекеттен ажыратуу тажрыйбалары каралган. Польшанын жана Латын Америкасындагы айрым өлкөлөрдүн тажрыйбасындагы чон жетишкендиктерге жетүүсү үчүн мамлекеттин ишканаларга көрсөткөн жардамы, Япония менен Түштүк-Батыш Азиядагы ишкердик кылуу ишмердиктериндаги тажрыйбалар талдоого алынды.

3. Автор тарабынан менчиктин калыптануу процесси менен базарда чарба

кылууга карата атаандаштык жөндөмдөрүнүн ортосунда өз ара байланыштар аныкталды.

Тамак-аш өнөр жайы – өнөр жайдын негизги тармактарынын бири катары Кыргыз Республикасынын агро өнөр жай комплексинин маанилүү бөлүгү болуп саналат жана республиканын өнөр жай азыктар көлөмүнүн 15,4%ын, экспорттун 25%дан ашыгын өндүрүп чыгарат.

4. Менчиктин мамлекеттик же жеке формасынын өндүрүштүк мамилелер

системасындагы бардык кайра түзүүлөр менчиктин бул формасын бекемдөө, өндүрүш каражаттарынын менчик ээлеринин кызыкчылыктары үчүн аны башкы түрдө өнүктүрүү максатына ээ болушкан жана ээ болуп жатат.

5. Мамлекеттик менчикти кайра түзүүгө жана Кыргыз Республикасында

чыныгы көп баскычтуу экономиканын калыптанышына багытталган менчиктештирүү концепциялары туура тандалып алынган.

- менчиктин ар кандай формаларын жана типтерин түзүү, иштетүү ыкмаларын жакшыртуу;

- менчиктин ар кандай формаларын жана типтерин криминалдык жол

менен түзүүгө ченемдик-укуктук актылар менен тоскоолдук кылуу, керек болсо аларды жоюу.

- менчик обьектилеринин наркын базар баасы боюнча, башкача айтканда

керектөөлөрдүн жана сунуштардын негизинде жылдын кайсы бир мезгилинде же экспертизанын негизиндеги келишим баада аныктоо зарылдыгын бардык жактан колдоо;

- Базар талаптарына жана мыйзам-ченемдүүлүктөрүнө туура келе турган

менчиктин ар кандай формасындагы ишканалардын ченемдик- укуктук базасы, түзүүчүлүк жана функция кылуучулук механизмдеринин негиздери түзүлдү.

6. Изилдөөгө алынган аймактын муниципалдык менчик формасындагы

ишканаларда өндүрүштүн рентабелдүүлүгү жана сатуулар салыштырмалуу төмөн жана орточо республикалык чектен ылдый болуп саналат. Бул калк үчүн минималдуу баада социалдык нан чыгаруу менен байланыштуу болуп саналат.

7. Тамак-аш өнөр жайын өнүктүрүүнүн перспективасы ишканалардын

рентабелдүү иштөө абалына жетишүүсү жана экономиканын глобалдашуу шарттарында менчик формасынын функция кылуусунун келечектеги тенденцияларын алдын-ала көрө билүү менен байланыштуу болот деп эсептейбиз. Буга мисал катары Чүй областынын жеке менчик формасындагы төмөнкү ишканаларын айтууга болот: Кант Сүт ЖЧКсы, Бишкек Сүт ЖЧКсы, Кока-Кола Бишкек Ботлерс ЖАКсы ж.б. Бул ишканалардагы өндүрүштүн рентабелдүүлүгү республикадагы тамак-аш өнөр жай ишканаларынын республикалык орточо рентабелдүүлүк көрсөткүчүнө салыштырмалуу 20%га жогорку өсүштү көрсөтүп турат (2014-жылы 7,6%). Бирок ошол эле учурда “Кошой” ААКсы, “Урсус” ЖАКсы, Жоопкерчилиги чектелген “АТА ЛТД” кондитердик фабрикасы рентабелдүүлүгү төмөн ишканалар экендигин байкайбыз. Ушундан улам, келечекте ишканалардын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу боюнча көп иштерди аткаруу керек, бул көп жагынан менчикти калыптандыруу жана чарбачылык кылуунун ыкмалары менен байланыштуу болуп саналат.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Табалдиева А.С. Выбор экономической формы разгосударствления и приватизации//Сборник трудов международной научной конференции. – Бишкек, 1998. С. 23-27.
2. Табалдиева А.С. Феномен собственности в экономике современного Кыргызстана// Вестник КТУ, Бишкек, 1999. С. 82-85.
3. Табалдиева А.С. Создание коллективной собственности// Материалы международной научной конференции (7-8 ноября 1999 г.) КТУ, Бишкек 2000. С. 202-207.
4. Табалдиева.А.С. Социально-экономические последствия разгосударствления и приватизации//Материалы международной научной конференции (7-8 ноября 1999 г.) КТУ, Бишкек, 2000. С. 207-211.
5. Табалдиева А.С. Проблемы определения сущности малого и среднего бизнеса// Известия вузов, 3-4, 2003, Бишкек. С. 109-112
6. Табалдиева А.С. Формирование и функционирование частного капитала в Кыргызстане// Материалы международной научно-технического симпозиума. Том 2, Бишкек КТУ, 2004. С. 214-217.
7. Табалдиева А.С. Особенности рыночных реформ в КР и теневая экономика// Известия КГТУ №14, Бишкек, 2008. С. 288-293.
8. Табалдиева А.С. Нормативно-правовая база формирования различных форм собственности в условиях рынка// Бишкек, 2012(2). Вестник КГЮА. №2. С. 156-161.
9. Табалдиева А.С. Многоукладность экономики- основа формирования различных форм собственности// Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Выпуск №1, Бишкек, 2013. С. 251-255.
10. Табалдиева А.С. Собственность - основа экономики// Наука и образование Казахстана. №2 / 2013, Астана. С. 64-67.
11. Табалдиева А.С. Концепция «приватизация» и особенности ее реализации в Кыргызстане// Экономика и право Казахстана. №24 / 2013, Алматы. С. 48-51.
12. Табалдиева А.С. Анализ механизмов формирования собственности в различных субъектах рынка// Сборник статей международной научно-практической конференции: «Финансово-экономическая система: Реалии и перспективы». Бишкек, 2014. С. 93-99.
13. Табалдиева А.С. Экономическая эффективность пищеперерабатывающей промышленности КР: состояние и пути повышения.// Известие вузов №1, Бишкек, 2015. С. 100-102
14. Табалдиева А.С. Оценка социально-экономической реформы в условиях рынка// Наука и новые технологии. №3, Бишкек, 2015. С. 130-134.
15. Табалдиева А.С. Малый и средний бизнес в Кыргызстане// Наука и новые технологии №3, Бишкек, 2015. С. 122-125.
16. Табалдиева А.С. Современное состояние пищевой промышленности Кыргызской республики /Сборник научных трудов по материалам 7-ой международной научно-практической конференции «Современные тенденции развития науки и технологии», 2015г. №7, часть 7, с.113-120, Белгород, Россия.
17. Табалдиева А.С. Сравнительная эффективность предприятий пищевой промышленности Кыргызской Республики с различной формой собственности //Проблемы современной науки и образования» 2016г. №22[64], стр. 34-37 г. Иваново, Россия.
18. Табалдиева А.С. Проблемы привлечения инвестиции в пищевую промышленность Чуйской области Чуйской области// Проблемы современной науки и образования» 2017г. №10[92], стр. 62-66 г. Иваново, Россия.

**Табалдиева Айнур Сабыркуловнанын 08.00.05- экономика жана жана жана эл чарбасын башкаруу (жана эл чарбасын башкаруу (экономика, ишканаларды уюштуруу жана башкаруу) адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн «Менчикти калыптандыруу механизмдерин жана базар шарттарында чарбачылык кылуу ыкмаларын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын тамак-аш өнөр жайынын мисалында)» деген темадагы диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр**: менчик; менчик мамилелери; менчиктин субьектилери жана обьектилери; менчиктин функциялары, ээлик кылуу укуктары; ээлөө укуктары жана пайдалануу укуктары; менчик формалары; мамлекеттик менчик, муниципиалдык менчик, жеке менчик; менчикти менчиктештирүү; механизм, базар субьектилери ж.б.у.с.

**Изилдөөнүн обьектиси.** Кыргыз Республикасынын көп баскычтуу тамак-аш өнөр жайы изилдөөнүн обьектиси болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети.** Менчик формасынын көп түрдүүлүгү, менчиктин ар кандай формаларын түзүүнүн механизмдери жана алардын тамак-аш өнөр жайында функция кылуусу.

**Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары.** Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи катары ата-мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуу-экономисттердин эмгектери кызмат кылды. Диссертацияда менчикти кайра түзүүгө жана алардын базар шарттарында функция кылуусуна тиешелүү болгон, экономикалык мүнөздөгү мыйзамдык жана ченемдик актылар пайдаланылды.

**Колдонуу чөйрөсү.** Менчикти пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугу боюнча сунушталган эсептөөлөр өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүгө жана тамак-аш азыктарынын сапатын жакшыртууга шарт түзө турган чарбачылык кылуунун эң натыйжалуу формаларын аныктоого негиз катары кызмат кыла алат. Бул азык-түлүк коопсуздугуна жана экономиканын реалдуу секторунун өнүгүүсүнө алып келет.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Табалдиевой Айнур Сабыркуловны на тему «Совершенствование механизма формирования собственности и методов хозяйствования в условиях рынка (на примере пищевой промышленности Кыргызской Республики)» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05-экономика и управление народным хозяйством (экономика, организация и управление предприятиями).**

**Ключевые слова:** собственность; отношение собственности; субъекты и объекты собственности; функции собственности: право владения, право распоряжения и право пользования; формы собственности: государственная собственность, муниципальная собственность, частная собственность; приватизация собственности; механизм, субъекты рынка и. т. д.

**Объект исследования.** Объектом исследования является многоукладная экономика пищевой промышленности Кыргызской Республики на примере Чуйской области.

**Предмет исследования.** Многообразие форм собственности, механизмы формирования различных форм собственности и их функционирования в пищевой промышленности Чуйской области.

**Методология и методы исследования.** Теоретической и методологической основой исследования послужили труды отечественных и зарубежных ученых - экономистов. В диссертации использованы законодательные и нормативные акты экономического характера, касающиеся преобразования собственности и их функционирования в условиях рынка.

В диссертационной работе использованы абстрактно-логический, монографический, статистико-экономический, экономико-математический и другие методы экономических исследований.

**Область применения.** Предложенные расчеты экономической эффективности использования собственности могут послужить основой для определения наиболее эффективных форм хозяйствования, способствующих увеличению объема производства и качества пищевой продукции, что приведет к обеспечению продовольственной безопасности и развитию реального сектора экономики.

## RESUME

**Summury of the thesis of Tabaldieva Ainur Sabyrkulovna on perfection of the mechanism of formation ownership and management methods in market conditions (on the example of Kyrgyz republic food industry) for the degree of economic science candidate in the specialty 08.00.05 economy and management of national economy (economy organization and management of enterprises)**

**Keywords:** ownership, relation of ownership, subjects & objects, functions of ownership, right of possessions, right of disposal and right to use; forms of ownership, state property; privatizations of property; mechanism, subjects of the market; and Etc.

**The object of the research:** The object of the study is the multi structure economy of the food industry of Kyrgyz Republic on the example of Chui region.

**The subject of the research:** multi structure of the ownership's forms, mechanism of formations of different ownership forms and their functions in Chui region's food industry.

**Methodology and methods of research:** the works of domestic and foreign scientists-economists were used as the theoretic and methodological base of the research. legislative and normative acts of economic character were used in the thesis concerning formation of ownership and their functions in the market conditions.

The abstract-logical, monographic, statistical, economic, economic-mathematical and other methods of economic research had been used in the thesis work.

**Application field.** The proposed calculations of the economic efficiency of the property use can serve as a basis of determining more effective forms of management contributing the growth of production volume and quality of food products, which will provide food safety and real development of economy sector.